# Назирам

Сөзү, обону: Мирланбек Давлатов

Аткаруучу: Мирланбек Давлатов

Ойлордун кечип дайрасын,

Олтурам күтүп кайдасың.

Сүйкүмү болуп жүрөктүн,

Сүйүүнү тапчы аргасын.

Назирам эй, Назирам эй,

Сулуу кыз өзүңсүң ай перидей.

Назирам эй, Назирам эй,

Дүйнөдө жок сулуу жаным сендей.

Эсимде дайым турасың,

Эңсетип көңүл бурасың.

Ээлеп бир алдың жүрөктү,

Эт жүрөк кантип чыдасын?

Кайырма:

Жамалың койбой жаныма,

Жаралган өңдүү багыма.

Жайлантып качан коносуң,

Жашоонун бакыт шагына.

Кайырма:

2002-жыл